УДК 32.327

# ВОЗМОЖНОСТИ ЗАПАДНОЙ ЦИВИЛИЗАЦИИ В КОНТЕКСТЕ МЕЖКУЛЬТУРНОГО ДИАЛОГА И АДАПТАЦИИ

*Д.А. Брусиловский*

Объект исследования: диалог цивилизаций и взаимоадаптация культур. Методы исследования: цивилизационный анализ, синтез, научное абстрагирование, обобщение, индукция и дедукция, сравнительно-исторический, формализация, метод восхождения от абстрактного к конкретному, аналогия, экспертный, диалектический и системный; метод философского обоснования и междисциплинарный подход. Типологический подход представляется обоснованным, если сопоставлять не отдельные компоненты, а системное единство цивилизаций в целом. Полученные результаты и новизна: выявлены особенности западной цивилизации в сферах межкультурно-правового и межрелигиозного диалога и адаптации; отражены возможности западной цивилизации в процессе адаптации ближневосточных мигрантов к европейской культуре; определены механизмы адаптации и взаимоадаптации культур мусульман-мигрантов и европейцев.

*Ключевые слова:* политика; диалог цивилизаций; взаимоадаптация; межкультурное и межрелигиозное сотрудничество; культура; философия культуры; западная и восточная цивилизации; тюркоязычный мир; сознание; молодежь; мигранты; социум; международное право; механизм; специфика; толерантность; глобализация.

# МАДАНИЯТ АРАЛЫК ДИАЛОГ ЖАНА ЫҢГАЙЛАШУУ КОНТЕКСТИНДЕ БАТЫШ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

*Д.А. Брусиловский*

Изилдөөнүн объектиси: маданияттардын ыңгайланышуусу жана цивилизациялардын диалогу. Изилдөөнүн методдору: цивилизациялуу талдоо, синтез, илимий абстракциялоо, жалпылоо, индукция жана дедукция, тарыхый-салыштырмалуулук, формалдаштыруу, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү методу, аналогия, эксперттик, диалектикалык жана системалык; философиялык жалпылоо ыкмасы жана дисциплиналар аралык мамиле. Типологиялык метод негизги болуп саналат, эгерде айрым гана компоненттерди салыштырбай жалпысынан цивилизациялардын сисемалык биримдиги каралса. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар жана илимий жаңылыгы: укуктук-маданият, диндер аралык диалог жана ыңгайланышуу чөйрөсүндөгү Батыш цивилизациясынын өзгөчөлүктөрү аныкталды; европалыктардын жана мусулман мигранттарынын маданияттарынын бири-бирине аралашуусунун, ыңгайланышуусунун механизмдери айкындалды.

*Түйүндүү сөздөр:* саясат; цивилизациялар диалогу; өз ара ыңгайланышуу; маданий жана диний аралык кызматташуу; маданият; маданият философиясы; Батыш жана Чыгыш цивилизациялары; түрк тилдүү дүйнө; аң-сезим; жаштар; мигранттар; социум; эл аралык укук; механизм; өзгөчөлүк; толеранттуулук; ааламдашуу.

# OPPORTUNITIES OF WESTERN CIVILIZATION IN THE CONTEXT OF INTERCULTURAL DIALOGUE AND ADAPTATION

*D.A. Brusilovskii*

Object of study: dialogue of civilizations and mutual adaptation of cultures. Methods of research: civilizational analysis, synthesis, scientific abstraction, generalization, induction and deduction, comparative historical method, formalization, abstract to concretemethod, analogy, expert, dialectical and systemic method; philosophical method and interdisciplinary approach. Typological approach seems reasonable if you match non-individual components but systemic unity of civilizations as a whole. The results and novelty: - revealed the features of Western civilization in the areas of intercultural and interreligious dialogue and adaptation; reflected the capabilities of Western civilization in the

process of adaptation of Middle Eastern migrants to European culture; - identified mechanisms forthe adaptation and mutual adaptation of cultures of Muslim migrants and Europeans.

*Keywords:* policy; dialogue of civilizations; mutual adaptation; intercultural and interreligious cooperation; culture; philosophy of culture; Western and Eastern civilizations; Turkic world; consciousness; youth; migrants; society; international law; mechanism; specifics; tolerance; globalization.

Бүгүнкү күнү баардык цивилизациялардын кризиске кептелүүсүнүн, Чыгыш жана Батыш маданияттарынын кагылышууларынын белгилери барган сайын өргүүдө. Бул көрүнүштүн күбөсү катары экономикалык, финансылык, руханий, саясий, социомаданий кризистерди, эл аралык терроризмдин күч алышы, эл аралык укуктардын эске алынбашын Ирак жана Леванта Ислам мамлекетинин (ИЛИМ) түзүлүшүн, Батыш Европага болгон мигранттардын агымын, Украинадагы кризисти, Россияга каршы Батыштын кабыл алган санкцияларын жана жалпы дүйнөлүк туруктуулуктун бузулушунун натыйжасы катары – каршы санкцияларды айтууга болот. Өзгөчө коркунучтуу бул глобалдык кризистен жана жумушсуздуктан жапа чеккен жаштар арасындагы цивилизациялардын кагылышуу, карама-каршы туруу идеялардын тарашы. Ушуга байланыштуу эл аралык коопсуздук мамилелери ааламдашуу шартындагы цивилизациялык диалогдун актуалдуулугун шарттайт. Ушундан улам цивилизациялардын ортосундагы оң маанайдагы диалогдорунун жана маданияттардын бири-бирине ыңгайланышууларынын идеяларын жана принциптерин жайылтуу жогорку даражадагы мааниге ээ болууда.

**Маданият аралык-укуктук, диний аралык диалог жана ыңгалашуу чөйрөсүндөгү Батыш цивилизациясынын өзгөчөлүгү.** М. Вебер боюнча батыш маданиятынын негизги баалуулуктары: кадыр-барктын бекемделиши жана адамдын инсандык сапаттарына болгон сый-урмат; индивидуализм, инсандын өз алдынчалуулуган негизделген; рационалдуулук; эркиндик-идеалдары; теңчилик, чыдамкайлыкты декларациялаштыруу; жеке менчикке болгон сый-урмат. Анын оюу боюнча капитализм төмөндөгү өбөлгөлөрдүн натыйжасы катары мыйзам ченемдүү пайда болгон: антикалык логика жана философия, римдик укук, ал өз кезегинде жашоодогу баардык процесстерди бөлүштүргөнгө жана мыйзамдык жактан негиздегенге жетишкен [1, с. 48]. Батыш цивилизациясында эмгек жана менеджмент чөйрөсүндө атаандаштык, индивидуалисттик принциптерге эбегейсиз роль берилет. Улуттук азчылыктарга берилген приоритеттүү роль өзгөчө байкалат. Көпчүлүк мамлекеттер моноэтникалык же болбосо бир үстөмдүк кылуучу улуттук мамлекет. Батыш цивилизациясына тийиштүү нерсе бул Чыгыш маданиятына болгон жалпы кызыгууга карабастан Чыгыш баалуулуктарын начар кабыл алат.

Батыш цивилизациясынын спецификасына тийиштүү мүнөз – бул социомаданий иденттүүлүктүн чек араларын тактабайт, антկени бул цивилизациянын өкүлдөрү ааламдашуу учурунда адам тигил же бул мамлекеттин эмес, дүйнөнүн жараны болуп калат, бара-бара маданий, улуттук айырмачылыктар жоголуп биринчи орунга индивидуализм чыгат деп айтышат. Жаңы пайда болгон компоненттер эскини маданияттын процесстеринин, кубулуштарынын маңызында танат, социомаданий системанын базалык компоненттерин жаңы шартка ыңгайланышууга жөндөмсүз, ал үчүн баштапкы түзүлүштөр, байланыштар жокко чыгарылышы керек, социомаданий салттар бир муундун алмашуусунда «кайчылашы» мүмкүн. башкача айтканда маданияттардын системасы тез секирик жасашат. бүгүнкү батышта өзүнүн идеяларын руханий таратуу саясаты чексиз мүмкүнчүлүктөргө ээ, атап айтканда: көптөгөн «кайрымдуулук» фонддор, коомчулуктар, миссионерлик коомчулуктар, окуу жайлары, мамлекеттик мекемелер, уюмдар аркылуу каалаган максатына жетише алат.

Адам укутарын иш жүзүнө ашыруу көбүн эсе салттардан, үрп-адаттардан жана конкреттүү-тарыхый шарттардан көз каранды. Батыш дүйнөсүндө индивидуализм, ал эми Чыгышта – коллективизм үстөмдүк кылат. Укуктун табигый теориясы кокусунан Батышта буржуазиялык коомдук мамилелердин дүркүрөп өнүгүү доорунда пайда болгон жок. Жаңы түзүлүш адамдын орто кыдымдагы социалдык-экономикалык жана диний көз карандуулуктан бошонуусун талап кылган. Ал түзүлүшкө баардык шарттуулуктардан эркин, тобокелчиликке баргандан тайсалдабаган ишмер адамдар керек болчу. Дал ушундай адам акырындап калыптана баштаган. Ал адам жаңы коомдук-саясий түзүлүшкө бат ыңгайлашып, мамлекет кабыл алган мыйзамдарды сыйлайт, о.э. ошол мыйзамдардын чегинде иш жүргүзүүгө аракет жасайт, бирок ошол эле учурда бат-баттан бузат. Ал өзүнүн ата-энесинен, туугандарынан, дегеле эч кимден көз каранды болбой жашоону жактырат. Эң күчтүү өнүккөн капиталисттик мамлекеттерде чыгыш өкүлүнүн укуктар боюнча анын көз караштары айырмаланат. Чыгыш адамы ата-бабаларынын салттарын, үрп-адаттарын сыйлап, ата-энелеринин айтканын

дайыма угууга аракет жасайт. Маселен, Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүндө жеке менчик болгон эмес.

Ааламдашуу шартында дүйнөдөгү жалпы кырдаалдын өзү абдан өзгөрүүгө учурады, натыйжада көптөгөн эл аралык процесстерге чектөө коюуда. Ядролук курал өздөрүн улуу держава деп атаган өлкөлөрдө кымбатка бааланган аскердик арсеналындагы куралдарынын маанисин төмөндөттү. Ушуга байланыштуу цивилизациялар космосмейкиндикке көбүрөөк көңүл бурушууда, антке-ни ошол жакта гана стратегиялык масштабдагы аскердик иш-аракеттерди эффективдүү жүргүзүүгө ыңгайлуу шарттар бар. Космос цивилизациялардын аскерий кагылышууларынын чөйрөсүнө айланып, Жерде жашагандарга коркунуч жаратышы мүмкүн. мисал катары 2019-ж. АКШ, Россия жана кытайдын орбита спутникке, ракеталарга каршы куралга ээ космостук державалардын катарына Индия кошулду. Тынчтык максатында цивилизацияларды Юпитердин жана Сатурндун – Европа Энцелад аттуу жандоочулары (спутниктери) кызыктыруусу мүмкүн. НАСАнын планеталар аралык «Cassini» аттуу закондон жана «Hubble» космостук телескоптун берген маалыматтарына ылайык Күн системасынын борборунда жашоонун жөнөкөй формалары болушу мүмкүн деп божомолдоого болот. 2018-ж. июнь айында Энцеладдын шлейфтик агымынан «Cassini» чогулган үлгүлөрдүн негизинде татаал макромолекулалар бар экенин жалпыга маалымдашкан. Жүздөгөн адамдардан турган татаал молекуляр, Жерден сырткары болушу сейрек көрүнүш. Татаал молекулалар суюк суунун жана гидротермалдык активдүүлүктүн жанында болушу Энцелад океаны жашоого ылайыктуу болушу мүмкүн деген гипотезаны тастыктоодо. Ушундай эле гидротермалдык активдүүлүк Юпитердин Европа спутниктеринде да болушу мүмкүн. планеталардын ири жандоочуларынын муз астындагы океандарында жашоонун эң жөнөкөй формалары болушу мүмкүн экендигин бүгүн эч ким танбайт. Жердеги жашоого окшош жашоо формасы океандардын түбүндө, планеталардын экзотикалык шарттарында болушу мүмкүн. Миллиардаган жылдар бою бактериялар. Дүйнөлүк океандын түбүндө абсолюттук караңгылыкта гидротермалдык булактардын негизинде жашап келишкен. Космостон Жерди изилдөө цивилизацияларга климаттагы өзгөрүүлөрдү байкоого мүмкүнчүлүк берет (маселен, муздардын эриши жана муз катмарларынын пайда болушу). Спутниктик байкоо жүргүзүүнүн негизги максаттарынын бири – бул жер кыртышын изилдөө (жер титирөөлөрдүн алдын ала билүү). Спутниктик байкоо жүргүзүү Жердин гравитациялык талаасын жогорку тактыкта изилдөөгө мүмкүндүк берет, озондун катмарларынын бузулушу ж.б.

Кансыз согуштун аякташы эл аралык мамилелердин түп тамырынан бери башка өңүткө өтүшү, дүйнөлүк түзүлүштүн Весторальдык системасынан Хельсинкиликке өтүшү, булардын айырмасы адам укуктарынын, жалпы демократиялык эркиндик жана жалпы адамзаттык баалуулук контекстеринде түшүнүүдө. Мындай трансформация СССРдин, кийинчерээк Россиянын Батыш өлкөлөрү менен болгон конструктивдүү диалогдорунун негизинде иш жүзүнө ашкан. 2007-ж.

Диниң-маданий аралык диалог жана ыңгайлашуу жаатындагы Батыш цивилизациясынын өзгөчөлүгү илимий чындык концепциясын, илим менен диндин өз ара мамилелерин изилдөөдө сунуштайт.

Ал эми чыгыш маданиятынын салтына ылайык чындык нравалуулуктан бөлүнбөйт, ошондуктан адеп-ахлакты жакындан өркүндөтүү чындыкка жетүү үчүн негиз болуп саналат. Чындык бар жана адеп-ахлактуу адамдарга тиешелүү.

Америкалык маданияттын өзгөчөлүгү техникалык прогресс, динамизм, кайра жаратуу идеяларына болгон ашкере ишениминде. Маңызы жагынан Европага тиешелүү бул идеяны ишке ашырууда америкалыктар артыкчылыктарга ээ болушту б.а. Европа өзүн руханий салттардан бошото албай койду.

Эгерде Европада төрөлүүлөрдүн саны кескин жогорулабаса же иммиграннттардын кезектеги толкуну болуп өтпөсө, эмгекке жарамдуу адамдардын саны кескин азаят. Батыш өлкөлөрү өзүнүн экономикалык, саясий кубаттуулугун сактап калуу үчүн иммиграцияны колдоого аргасыз болушат. 1960-ж. чейинки эки жолку иммиграция курамдык жактан европалык деп аталат. Үчүнчү толкундун иммигранттар үчүн б.а. латын америкалык жана азиялык жашоочулар өздөрү келген өлкөлөрдөгү шарттарга ыңгайланышуу кыйынчылыктарына душар болушкан жок, себеби ал өлкөлөр менен болгон байланыштар мурда эле бар болуучу. 2017-ж. 258 млн эл аралык мигранттардын 106 млн Азияда төрөлүшкөн; 61 млн Европада төрөлгөндөр; 38 млн – Латын Америкасында жана Кариб бассейнинде жайгашкан өлкөлөрдөн; 36 млн – Африкада төрөлгөндөр; 4 млн – Түндүк Америкада; 2 млн – Океандарда (Бириккен Улуттар Уюму экономикалык жана социалдык маселелер боюнча Департаменттин статистикалык маалыматтарына таянат [2–14].

Батыш цивилизациясынын маданий-укуктук диалогу жана ыңгайлашуу чөйрөсүндөгү өзгөчөлүгү, батыштын Евразия

менен социалдык-укуктук чөйрөдө диалогго, ыңгайланышууга баруусунда:

Сырткы саясатта Европалык биримдик «Батыш-Чыгыш», «Түндүк-Түштүк» линияларына бөлүнүүнү токтото элек. Мамлекеттик-саясий бүтүндүүлүктү автономиялуулук үчүн жүргүзүлгөн иш-аракеттер алсыздандырууда – Бавария, Кабалония, Шотландия. Америкалык геостратегиялык ыңгайланышуу шартында коомдун Европалык модели рынок өсүшүнөн көз каранды жана америкалык шартка ыңгайланышууга аргасыз. Улуу Британия АКШнын негизги өнөктөшү катары тышкы саясаттагы көзөмөлгө, Евробиримдигинин рамкасынан сырткары чалгындоо иштерине көбүрөөк басым жасайт. Укук чөйрөсүндөгү ыңгайлашуу процесстеринин объективдүү негиздерин анализ кылууда, тигил же бул өлкөнүн ички экономикалык шарттарынын баардыгын (өлкөнүн экономикалык дарамети жана масштабы, ыңгайланышууга болгон объективдүү талаптын даражасы, эл чарбасынын структурасы жана башкалар), ошондой эле сырткы экономикалык факторлорду эске алуу зарыл (бир катар өлкөлөрдүн экономикалык алакаларынын даражасы, өз ара алакалардын тереңдиги, ыңгайланышып жаткан региондогу улуттук чарбалык структуралардын карым-катнашы). Мындан сырткары ушундай эле мааниге ээ тигил же бул өлкөнү ыңгайлаштыруу иш-чараларын өткөрүүгө болгон даярдыгын жана кызыкчылыгын чагылдырган саясий факторлордун жыйындысы.

АКШ, Европа жана Россия Антарктида менен Арктиканы цивилизациялардын кызыкчылыктарынын геосаясий жана укуктук кагылышууларынын тармагына айландырууда. Өткөн кылымда Антарктиданы бир да мамлекетке таандык болбогон ядерлик эмес зона деп жарыялашкан. Арктикада Россия Федерациясынын Европалык бөлүгү менен Алыскы Чыгыштын ортосунда Түндүк деңиз жолу өтөт-Түндүк муз океанынын жана жарым-жартылай Тынч океанынын деңиздери менен өткөн стратегиялык кыска жана коммуникациялык маршрут. Иштелип чыкпаган энергоресурстар – нефти менен газдын арктикалык запастары болжол менен нефтинин 90 млрд баррели, жаратылыш газынын 1,669 трлн куб. футу жана суюлтулган жаратылыш газынын 44 млрд баррели менен бааланат. 2019-жылы БУУнун подкомиссиясы Россиянын Арктиканын шельфинин 1,2 млн кв. км кеңейүүсүнө берген арызын жараткан, ал углеводороддордун потенциалдуу запастарынын шарттуу отунду минимум 5 млрд тоннага жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. Түндүк Муз океанынын түбүндөгү кээ бир тилкелерине АКШ менен Канада эле эмес, Норвегия менен Данияда да атаандаштык кылууда. Азыркы учурда Дания Арктиканын контитенталдык шельфинин чектерин кеңейтүүгө арыз берди;

Социалдык-укуктук чөйрөдө глобалдуу дүйнө адамдардын, соода-сатыктын жүрүшүнө көзөмөл кылууга ыңгайлуу шарт түзүүдө. Бул тууралуу 2018-ж. «Коопсуз, тартиптештирилген жана легалдуу миграция жөнүндө деген БУУнун Глобалдуу миграциялык пактысын» айтууга болот. Бүгүнкү күнү Евробиримдиктин кээ бир өлкөлөрү жумушчу күчтөрүнүн эркин жүрүшүнө киргизилген чектөөлөрдү алып таштоошууда. Жашоочулары карып бара жаткан бай өлкөлөр үчүн миграция объективдүү зарылдык болуп калды. Демографиялык басаңдоо, жашоочулардын азайышы жана карып кетиши, сырттан дайыма «таза, жаңы кандын» келип турушу зарылдыкка айланды (1950-ж. дүйнөлүк жашоочулардын санынын – 547 млн, 21, 7 %, 2000-ж. дүйнөлүк жашоочулардын – 727 млн, 12 %, 2025-ж. (болжолдуу) – 690 млн, 8,6 %; биздин кылымдын башында Евробиримдикте жумушка жарамдуу төрт кишиге 65 жаш куракдагы бир пенсионер туура келчү, 2035-ж. карата божомол боюнча бул көрсөткүч 2:1 жетет) [15, с. 146];

Мусулман элдери Европаныкына караганда жашоочулары жашыраак деп эсептелинет. Эгерде белгилей турган болсок «Францияда 20 жашка чейинки жашоочулардын үлүшү 21 %, ал эми мусулмандарда – 33 %. «…» 2030-ж. карата ондогон европалык өлкөлөрдө мусулмандар сан жагынан 10 %ке ашык көбөйөт. «…» 2011-ж. 5,2 миңге жакын британиялыктар исламды кабыл алышкан., бул көрсөткүч жыл сайын көбөйүп барат. «…» акыркы 20 жылда Европада мусулмандардын саны 50 % ке көбөйдү» («Рамблер» интернет-парталы боюнча);

2019-ж. кытай менен Европанын ортосунда маданий-укуктук чөйрөдө экономикалык кызыкчылыктардын айынан «Жаңы жибек жолу» проектисинин алкагында диалогдорду активдештирүү иш жүзүнө ашырылганы турат. «Бир алкак – бир жол» долбоору Кытайды 150 ашык Азия, Африка жана Европа өлкөлөрү менен байланышта. Ушул күндө кытай менен 126 мамлекет 29 эл аралык уюмдар кызматташуу боюнча келишимдерге кол коюшту. Кытай Европада Италия, Швейцария менен эле чектелбестен, Роттердамдын, Гамбургдун жана Пирейдин терминалдарына эбегейсиз каражаттарды салууга ниеттенип жатат. Европалык Биримдик өзүнүн маданий-укуктук жана баарынан мурда экономикалык кызыкчылыктарын «2016-тышкы саясат жана коопсуздук саясаты боюнча ЕБ глобалдык стратегиясы» жана 2019-жылдын 22-январында жасалган франктык-германдык Елисейдик келишимге ылайык эл аралык аренада коргой алат.

**Жакынкы чыгыш мигранттарынын европалык маданиятка ыңгайлануу процессиндеги**

**Батыш цивилизациясынын мүмкүнчүлүктөрү.** Мигранттардын ыңгайлашуусу боюнча эки концептуалдуу көз караშты бөлүп кароого болот: мультикультурализм бул учурдагы өлкөдөгү баардык маданияттар өздөрүнүн кайталангыс өзгөчөлүктөрү менен чоң мааниге ээ экендигин моюнга алышат, бирок ал жерде жалпы улуттук жокко эсе болот б.а. «чоң казан» анда биринчи планга этникалык тилектештиктер чыгат: советтик жаран, АКШнын жараны.

Мигранттардын ыңгайлануусу боюнча көптөгөн өлкөлөрдө АКШдагыдай либералдык же Францияга мүнөздүү болгон птерналистик ыкма колдонулат. Биринчи ыкмага ылайык ыңгайлашуу чаралары – келген адамдын милдеттери баарынан жогору турат. Экинчисинде – келген жаранга болгону мүмкүнчүлүктөр гана берилет, аларды кандай колдонот, ал мигранттын жумушу. Ошентип, мамлекет мигранттар үчүн кандай жагымдуу шарттарды түзө алат, мына ошондон ыңгайлашуу процесси көз каранды. Ушул багыттагы жүргүзүлө турган иштердин ичинен эң орчундуусу – жаштар чөйрөсүндө конструктивдүү толеранттуулукту калыптандыруу.

ФРГда жаш мигранттар менен иштөө өзүнө «көчөө» социалдык педагогу, мектептеги профилактикалык багыт катары социалдык жумуштарды аткаруу, мектептеги профессионалдык билим берүү системасына өтүүдө пайда болушу мүмкүн деген маселелерди алдын ала коюу ж.б. камтыйт. Германиянын өтө чоң эмес шаарларында тил үйрөнүүгө мүмкүнчүлүгү жок жаштар үчүн чоң-чоң шаарларында жаштардын жатканалары ачылган. Жаштар жатаканасынын адистери мектептер менен тыгыз иш алып барып жаштардын тил үйрөнүүсүнө ыңгайлуу шарт түзгөнгө көмөктөшөт. Андан сырткары, алар эң керектүү адистиктерге даярдоого жана алардын эс алууларын уюштурууга жардам беришет. Мигранттар үчүн уюштурулган социалдык багыттагы иш-чаралар алардын ошол коомго сүңгүп кирүүсүнө ганаш арт түзбөстөн, жергиликтүү элдердин батыш маданиятка болгон толеранттуулугун да калыптандырат. Андан сырткары Германиядагы мигрант-мектеп окуучулары, долбоордук иш-аракеттердин рамкасында өздөрү жашаган шаардын тарыхы боюнча маалыматтарды издеп табышат.

Бири-бири менен тыгыз байланышта жашаган мусулман жамааттары шариаттын мыйзамдарын сакташып, ассимиляцияга моюн беришпейт. Мигранттардын ыңгайлашуулары коомдогу кызматташууну жана гармонияны кармап турууга жардам берет. Концептуалдык планда жарандыкты ж.б. макамдарды алуу процессине көңүл буруп көрөлү, б.а. мигранттарга мамлекеттер кандай сыноолорду сунушташат. Маселен, «Убактылуу көчүп келгендерди социалдык жактан колдоо шкаласы» деп аталган ыкманын негизинде. Ыңгайлануу тестери мигранттар үчүн Россияда, батыш Европада, АКШда кабыл алынып турат. Мындан сырткары бул өлкөлөрдө мигранттар үчүн экзамендин татаалдыгынын деңгээли өзгөрүлүп турат, тилди билүүсүн текшерүү үчүн маданий-тарыхый, укуктук, чөлкөм таануу боюнча суроолор кошумча киргизилген.

Мусулман мигранттарынын европалык маданиятка ыңгайлануу маселеси бүгүн Батыш цивилизациясынын башкы көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат. Бул багытта Европалык мамлекеттер маалымат жана коммуникациялык каражаттарга, о.э. дин, маданият маселелерин ичтен түшүнгөн, кеңири көз караштагы адамдарга кайрылууга аргасыз болушууда. Сыналгыдан дайыма эксперттин сүйлөгөнүн көрүү, көрүүчүлөр үчүн көнүмүш адатка айланды. Мисалы, англиялык чиркөөнүн ливерпулдук епискобу Дж. Джонс өзүнүн эксперттик интервьюсунда британдык идентүүлүктү тил, адабият, билим берүү, мыйзам ж.б. аркылуу ишке ашыруу керектигин айткан. Ал үчүн бул дагы монархия жана мурас болуп эсептелинет. Бүгүнкү дүйнөдө бир дагы маалымат - маалымдоо үчүн колдонулбайт. Анткени, цивилизациянын жашоо мүмкүнчүлүгү анын мурастарынын жаңы маданиятка, шартка ыңгайланышуусунан көз каранды.

Учурдагы миграциянын процесстерге ой жүгүртүү изилдөөчүлөрдү транснационализм теориясы жөнүндө ойлонууга мажбур кылууда. Интернет шартында Whatsapp, Viber, Skype бекер баарлашуу мүмкүнчүлүктөрү бар, ошондуктан миграция элдердин өздөрүнүн тарыхый ата-мекени менен болгон байланышын үзө албай калды. Айрым учурда керек болсо мурунку өздөрү туулуп өскөн жеринде социалдык, экономикалык өңүттөгү болбогон байланыштар, алар жаңы жерлерге баргандан кийин пайда болууда. Транснационализм көз караштын алкагында жаңы муундагы мигрант – бул эки же андан көп идентүүлүктүн ээси, анткени ал бир нече коомчулуктардын социомаданий жашоосуна көнгөндүгү. Мындай тенденция мигранттын маданий ыңгайлануусунун формасына таасир этет.

Ааламдашуу доорунда өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ортосундагы миграциялык карым-катнаш мүнөздүү. Көптөгөн жылдар бою төрөлгөндөрдүн саны кескин азайып, жумушчу күчүнө болгон талаптын өсүшүнүн айынан европалык мамлекеттер Азиядан, Африкадан, Чыгыш Европадан жана Жакынкы Чыгыштын келген мигранттарды жылуу тосуп алышкан. Миграция кабыл алуучу жана мигранттарды чыгаруучу өлкөлөрдөгү экономикалык, саясий маселелерди

чечүүгө жардам бере алат. Начар өнүккөн өлкөлөр эмгек мигранттарынын үй-бүлөлөрүнүн жашоосун жакшыртуу максатында көтөргөн акчалардан кошумча капитал алышат. Өз кезегинде Европа мигранттардан баш тартпайт, анткени ал жакта жумушчу күчүнө болгон талап өтө эле жогору. Миграция кабыл алуучу өлкөлөр көйгөй жаратуусун эстен чыгарбоо керек: эмгек акынын аздыгы, кылмыштуулуктун өсүшү, көмүскө экономиканын жандануусу, диний, маданий келишпестиктердин чыңалуусу, өндүрүштүн модернизацияланышынын солгундоосу, демографиялык потенциалдын төмөндөшү.

Жогоруда айтылгандардын негизинде өзүбүздүн темабызды ачып берүү үчүн айрым учурларына токтоло кетели. Биринчиден, Европанын мусулман-мигранттар жана европалык социум өзү адам укугу эркиндиги концепциясын ар кандай түшүнүшөт. Экинчиден, батыштын ислам маданий экспанциясы жана европалык рухий баалуулуктардын нормаларын сактап калуу жөнүндөгү аракетин эске алуу керек. Үчүнчүдөн, европанын коопсуздугу, туруктуулугу исламистик экстремистик топтор жана террористик уюмдар тарабынан жүргүзөлгөн бир катар терракттардан кийин коркунучка кептелди.

Бул бүгүнкү күндө өтө актуалдуу маселеге айланды, анткени көпчүлүк мусулмандар жалпыга маалымдоо каражаттарынын моралдык жактан бузулуш мүнөзүнө көңүл бурушуп, гангстремизмди, зордук-зомбулукту, сексуалдык мүнөздөгү кан төгүүлөрдү, коркунучтуу сюжеттерди, согуштагы өлтүрүүлөрдү көрсөткөн фильмдерди катуу сынга алышууда. Анткени жаш муундар мына ушундай мүнөздөгү каалоолор аркылуу цивилизацияны түшүнүп, кабыл алышууда. Жогоруда айтылган терс маанайдагы атрибуттарга жык толгон жашоо образы исламдын негизги принциптерине гана эмес, түрк тилдүү элдердин кылымдарды карыткан салттарына да туура келбейт. Билим берүүнү, тарбиялоону, жашоо тиричиликти, психологияны жана социалдык нормаларды «американизациялоо» ислам апологеттеринин батыш маданиятынын нормаларына ж.б. катуу сындады айтуу менен мындай терс көрүнүштөрдү токтотууга жөндөмдүү бир гана күчтүү дин бар деп айтууларына өбөлгө түзүүдө. Маселен, ирандык теолог А.Шариати: «Батыш билет жана билген бир улутту жок кылыш үчүн анын маданиятын тартып алуу керек. Маданиятын жоготкон адам жарды, жарым жапайы, андайларды башкаруу жана көз каранды адамга айлантуу эң оңой жумушка айланат» - деп айтат [16, с. 61]. башкача айтканда өзүңө окшогон «европалыкты» пайда кылуу, батыш жашоосунун образын таратуу менен – дал ушундай максатты батыштык – модеристик багыттын өкүлдөрү колдоп келүүдө. Сөз төмөндөгүдөй көрүнүш жөнүндө болуп жатат, эгерде жаштардан турган бир топту бир нече убакыт бою Лондонду, Парижди, Брюсселди, Нью-Йоркту кыдырып, башкалардын жашоосун көргөзүп, аларга европалык абройлуу мода өндүрүшүнүн кийимдерин кийгизип, америкалык же батыштык дайыма колдонулуучу терминдерди үйрөтүп, алардын аң-сезиминен улуттук маданиятты сүрүп чыгарып таштаса, анда көп өтпөй эле ал жаштар башка маданиятка өтө тездик менен ыңгайланышып кетет.

Испанияга, Италияга, Португалияга болгон массалык миграция кечээ жакында башталгандыгына байланыштуу иммигранттар үчүн негизги көйгөйлөр – тил үйрөнүү, өзүн жумушка орношуусун жана макамын мыйзамдаштыруу. Батыш Европага болгон мусулмандардын массалык миграциясын эске алуу менен мусулман жамааттарынын бири-бири менен тыгыз жашоосун деп айтууга болот. Бул жамааттар шариат мыйзамдарын сактоо менен ассимиляцияланыудан оолак болушууда. Мигранттардын жаңы мууну өздөрү жашап жаткан өлкөлөрдө социалдык-маданий кодулоону дайыма сезип келгендиктен автономдуу жашоого аракет кылып келишет. Алар европалык мыйзамдар менен жашашпайт, демократиялык нормаларды кабыл алышпай келет. Иммигранттар өзүнчө кварталдарга жайгашышып европалыктар менен бирге иштешет. Бирок, алардын балдары европалыктардын балдары барган бакчаларга, мектептерге барышпайт. Францияда кээ бир мусулман-мигранттар өз балдарын Сауд Аравиясынан чыккан окуу куралдарынын негизинде шариат боюнча окуу процесси жүргүзүлгөн метептерге беришет.

Ушундан улам мыйзамченемдүү суроо туулат: батыштан бир гана илимди, техниканы гана алып, анын жашоо образын, моралын, коомдук мамилелерин, маданиятын четке какса болобу? Демек, батыштык-медернистер мындай кылуу мүмкүн гана эмес, дал ошондой кылышыңар керек деп эсептешет. Бирок, ошондой жогорку деңгээлдеги адеп-ахлактык, ыймандуу коомдун өкүлдөрү аттын ордуна мерседеске, арабанын ордуна «джипке» отургандан, шамчырактын ордуна фонарик колдонгондон баш тартат деп айтууга негиз жок. Мисалы, ирандык теолог М. Замани «чыгыш мечиттеринде адам адеп-ахлак цивилизациясын окуп үйрөнүп, ал эми батыш университеттеринде жана өндүрүш мекемелеринде илим жана техниканы мыкты өздөштүрүүсү керек. Атаганат, ушул адеп-ахлак жана индустриалдык цивилизацияларды айкалыштыра алкагда адамзатты кризистен (абдан утопиялык идея, же болбосо механикалык карым-катнаш цивилизациялардын жаңы сапатка өтүшүнө алып

келбейт – курсив биздики) чыгарууга болот эле» – деп белгилейт [17, с. 23]. Бул туурасында В.С. Степин: «…техногендик маданияттын (батыштык) баалуулук, дүйнөгө болгон көз караштар образынын системасында адамдын активдүүлүк вектору сыртка багытталган, дүйнөнү өзгөртүүгө негизделген. Баалуулуктардын чыгыш салттык системасы адамды жаратылыш организмине кошулган, анын бир бөлүгү катары карайт; адамдын активдүүлүгүнүн вектору сыртка эмес ички көздөй өзүн-өзү тарбиялоого, чектөөгө, салтка кошулууга багытталган – деп жазган» [18, с. 8–17]. Андан ары ал өзүнүн оюн мындай деп конкреттештирет: «…бири-бирине каршы турган эки көз карашты синтездөө бул эки вектордун бири-бирине көз каранды экендигиг менен байланыштуу. Бул батыштык да, чыгыштык да эмес, үчүнчү кандайдыр бир баалуулуктардын системасы болот. Бул система өзүнө заманбап техногендик маданияттын айрым жетишкендиктерин, салттуу маданияттын айырмаларын синтездеген мүмкүнчүлүккө ээ боло алат. Мындай синтездин пайда болуусунун өбөлгөлөрү экологиялык, антропологиялык ж.б. катастрофалардын гана себебинен эмес, жаңы баалуулуктарды жана этикалык жөнгө салуучу каражаттарды табууга болгон изденүү кызыкчылыгынын негизинде келип чыкты» [18, с. 8–17].

Биз үчүн эки маанисиз көз караш бар. Бир жагынан чектен ашкан батышты жактаган элементтери жана Батышка барып келген, ал жактын маданиятын, тарыхын үстүртөн билген, Батышка ыкташууну алдыңкы орунга койгондордун көз караштары; экинчи жагынан консервативдик – салттык, Батыштан чыккан баардык нерселерге терс маанайда мамиле кылып, ал ал жактан алыстоону колдогондордун көз караштары.

Бүгүнкү дүйнөдө «коомдун ыңгайлашуусу» жаратылышка жана адамга о.э. «адамдын ыңгайлашуусу» жаратылышка жана коомго, мына ушул эки процессти так ажырата түшүнүү зарыл. Жаратылыштын коомго, социалдык-биологиялык өзгөчөлүккө болгон ыңгайланышуусу башкы маселе болуп саналат. Жогоруда айтылган карым-катнаштар үч жактуу мааниге ээ, адам баласынын жашоосу үчүн: зыяндуу; пайдалуу; бир өңүттө пайдалуу экинчи өңүттө зыяндуу. Коомдун жашоосунун сырткы шарттарын тактап айтканда маданияттардын көп кырдуулугун, менчиктин ар кандай формаларын өзгөртүү – бул биздин жашообузга кирген жаңы кубулуштарга ыңгайлашуусунун ыкмаларын издеп табуудагы адамзат үчүн башкы ресурс болуп саналат. Ошондой эле менчиктин ар кандай түрлөрү - бул ар кандай тирүү жандыктардын популяциясы үчүн генетикалык көп түрдүүлүк кандай керек болсо, коомдун туруктуулугу жана өнүгүшү үчүн ошондой керектүү атрибут болуп саналат.

Ошентип рухий-маданий чөйрөдөгү актуалдаштыруу, ыңгайлаштыруу боюнча жүргүзүлгөн социалдык иш-аракет өзүнө бир жагынан мигранттарды жана кабыл алуучу коомду. Экинчи жагынан – ушундай иш-чараларды жүзөгө ашыруунун өзгөчөлүктөрүн, кандай аудиториялар иш алып бараарын эске алууну камтышы керек. Бул экстремизмге каршы иш-аракет же конфессиялар, этностор аралык мамилелер боюнча билим берүүчү ишмердүүлүккө айланышы мүмкүн. бул кабыл алуучу коом же мигранттар. Алардын балдары о.э. жаштар болушу мүмкүн.

**Мусулман-мигранттарынын ошондой эле европалыктардын маданияттарынын ыңгайланышуусунун жана өз ара ыңгайланууларынын механизмдери.** Мигранттардын ыңгайланышууларынын үч негизги формасын бөлүп кароого болот:

Ыңгайланышуунун биринчи формасы жалпы мүнөзгө ээ жана ал Жакынкы Чыгыштан келген мигранттын өзү барып отурукташкан жердин жаңы социалдык-демографиялык чөйрөсүнө көнүгүп кетишин билдирет. Бул көнүшүп кетүү диалектикалык мүнөзгө ээ. Бир жагынан жаңы мамилелерди, таанышууларды жүргүзүү процесси жүрсө, экинчи жагынан – акырындап баштагы жердешчилик, туганчылык ж.б. байланыштар солгундай баштайт. Ыңгайланышуунун экинчи формасы мигранттардын жашаган жерин алмаштырганда, алардын социалдык-экономикалык макамы кошо өзгөрөт жана ошол жердеги саясий түзүлүш дагы өзгөрүүгө дуушар болгон учурда пайда болот. Мындай ыңгайлашуу айылдан шаарга же алыскы кыштактан мегаполиске келгенде жаралат. Айылдагы жана шаардагы жашоо образдарынын айырмачылыктары бул процессти бир кыйла татаалдаштырат. Айылдан келген мегаполисте жашаш үчүн көптөгөн өзүнүн жүрүм-турумдарынан баш тартуусу керек болот. Ыңгайланышуунун үчүнчү формасы ар кандай географиялык абалга ээ райондордун ортосундагы жер которуунун негизинде пайда болот. Ыңгайланышуунун бул тиби диалектикалык мүнөзгө ээ: географиялык шартка жана табият чөйрөсүнө көнүгүү. Кээ бир учурда райондун географиялык абалына ыңгайланышуу психологиялык-социалдык процесс менен коштолот. Айрым учурда мындай ыңгайлашуу медико-биологиялык процесс менен ишке ашат. Алсак, организмдеги иммунитеттердин ыңгайланышуулары жана акклиматизация.

Дүйнөдөгү баардык прогрессивдүү мамлекеттер, окумуштуулар, ойчулдар, коомдук-саясий лидерлер, элчилер көп кырдуу дүйнөдөгү

бири-бирине каршы тараптардын ортосундагы аңгаланышуу процесстерин цивилизациялардын кризисинен, жаңы сапаттуу деңгээлге, адамзат баласы үчүн кайгы-капаны алып келбегендей ыкмадан чыгуу боюнча иштөөлөрү зарыл. Өнүккөн өлкөлөр дайыма сегрегация (бөлүштүрүү) феномени менен оор абалдарга кептелүүдө. Бул маданий эмес, социалдык-экономикалык факторлор менен байланыштуу. Бул көрүнүш өз кезегинде дароо «геттоизация» жаңы маселесин пайда кылды. Геттоизация төмөндөгү көрүнүшкө алып келет: мигранттардын кийинки муундары – балдары, неберелери аз айлык акы төлөнүүчү, маданий жактан ыңгайланышпаган катмарга айланышат. Улуу Британияда бир нече жыл мурда чыгарылган мыйзам өтө катуу каршылыктарды жараткан, ал мыйзамга ылайык иммигрант жарандыкты алууда англис тилин билүүсү боюнча сынак тапшыруусу зарыл. Бул мыйзамды кабыл алуунун себеби, көптөгөн иммигранттар Улуу Британияда бир топ жылдар бою жашагандыгына карабастан жарандык алууга документтерин өткөрүшүп жарандыкты алышкан, бирок ошол эле учурда англис тилинде эркин сүйлөй алышкан эмес. Бул феномен мындайча түшүндүрүлгөн, алар өздөрү жашаган кварталдан сырткары чыгышкан эмес. Көбүн эсе аялдарга жана ошол кварталдын экономикалык чөйрөсүндө кызмат кылган адамдарга тиешелүү болгон, алар үчүн англис тилин билүү зарылдыгы жокко эсе эле. «Ыктыярдуу геттоизоциянын» ички жана сырткы факторлору бар деп айтууга болот. Бүгүн Франциянын алдында ислам дининин макамы боюнча курч суроолор жаралды. Учурдагы француз коомчулугунда жашоонун баардык чөйрөлөрүндө түп тамыры менен өзгөрүүлөр жүрүп жатат. Маселен, мамлекеттик мекемелерде, өзгөчө мектептерде, жогорку окуу жайларда, ооруканаларда, түрмөлөрдө тамак-аш даярдоонун ыкмалары өзгөртүлгөн. Ал жерлерде айрым дин өкүлдөрү үчүн туура келбеген тамактарды даярдабай калышты. Тагыраак айтканда тамак-аш даярдоо рецептинен чочко этин колдонууга тыюу салына баштады. Ошентип, эң башкысы мусулмандар үчүн камкордук көрүлөт, себеби алар үчүн тигил же бул тамакка болгон диний тыюу салуу эмес, аларды даярдоодо дин уруксаат берген азык-түлүктөрдү колдонуу да башкы маселелерден. Натыйжада Францияда эң арзан эт бул чочко эти.

Францияга келген мигранттардын жаңы агымы ыңгайлашууга муктаж болушкан жок. Анткени, аларды жергиликтүү үрп-адат, маданият түйшөлткөн да, кызыктырга да жок, жада калса француз тили дагы керек болгон жок. Өздөрүнүн мекендештери менен баарлашуу үчүн эне тили жетиштүү болду. Эң башкысы алар үчүн ошол мекендештери менен жакын, катарлаш орун алуу. Токсонунчу жылдардын башында Франциянын ири шаарларында көптөгөн араб-мусулман кварталдары, райондору, ал эми кээ бир шаарларда маселен, Марселде сегиз жүз миңден ашык жашоочуларынын жарымынан көбүн арабдар жана африкалыктар түзгөн. Иммигранттардын эмгектерин улуттук экономиканын пайдасына колдонуу менен кабыл алуучу тарап аларга саясий коммуникация берүүдөн баш тартышкан. Кээ бир саясий эксперттер ал көрүнүштөрдү «цивилизациялардын чыр-чатагы» өңүтүндө баалашкан, экинчилери «маданияттар чатагы» деп гана бүтүм чыгарышкан, айрымдары төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга үлгүрүшкөн: «Францияда мультикультурализм саясаты улантылып жатат» (чындыгында Францияда эч качан мультикультурализм колдонулган эмес, алардын саясаты башында аесуз ассимиляцияга, кийинчерээк – мигранттарды ыңгайлаштырууга багытталган болчу). Ушуга байланыштуу биз бүгүнкү күндөгү саясий чакырыктардын баардыгын цивилизациялардын конфликти деп түшүнсөк болобу, мусулман цивилизациясынын өкүлдөрүн, ошол эле учурда Францияда баш-аламандыктарды уюштургандарды бөтөн цивилизациянын өкүлдөрү деп айтууга укуктуубузбу?

Иммиграцияга байланыштуу коркунучтарды (мигрантофобия) эксплуатациялоо шайлоочулардын добуштарын топтоодо эң негизги эффективдүү курал болуп саналат. Дисциплинардык аралык изилдөөлөрдө мигрантофобия менен исламофобиянын көрүнүшүнүн ар кыл формалары чагылдырылган. Биздин көз карашыбызда исламофобияга байланыштуу ойлом ыкмаларынын 12 ыкмасы бар: (1) исламофобия дүйнөлүк тарыхый келечектеги расизмдин формасы катары – бири-бири менен дал келишпеген, бирок жеке диалогдук манызга ээ эмес эки дүйнө, - Чыгыш кыймылдуу, өзгөрүлгүс, бир тараптуу, ошондуктан адамзат цивилизациясынын келечегин аныктоого жөндөмдүү эмес; (2) исламофобия маданий расизмдин формасы катары: - исламдык цивилизация Батыш цивилизациясына салыштырмалуу башка цивилизациялар менен кагылышууга аракет кылып, терроризмди жөнгө салуучу орой, кастык жана агрессивдик цивилизация катары кабыл алынат, б.а. чыгыш маданиятына өнүгүүнүн иррационалдуулугун жана примитивдик денгээлин ыйгарышат; (3) исламофобия экономикалык, саясий, диний, баалуулук жана башка дүйнө көз караштык баалуулуктарда көрүнгөн маданий-цивилизациялык системалардын маныздык айырмачылыгына негизделген Чыгыш менен Батыштын карама-каршы туруусунун формасы катары; (4) исламофобия глобофобиянын формасы, б.а. антиглобализм идеологиясынын

акыркы формасы катары, - ааламдашууну таануу; (5) исламофобия чыдамкайсыздыктын формасы катары, терс стереотиптик элестөөлөр менен стигматизациянын калыптануусу – мазактоочу социалдык ярлыктарды илүү; (6) исламофобия, бир жагынан, Европадагы динге ишенген-мусулмандардын сезимдерин мазактоонун эсебинен Чыгыш дүйнөсүнүн өкүлдөрүнүн каршы чыгуусунун формасы, ал эми экинчи жагынан – Батыш дүйнөсүнүн элдеринин иш-аракеттеринин эле эмес, алардын ойломдорунун эркиндигине, б.а. реалдуулуктун сапаттуу көп түрдүүлүгүнө болгон бут тосууларынын натыйжасы: Париждик «Charlie Hebdo» сатиралык журналындагы Мухаммед пайгамбарга болгон карикатуралардын пайда болуусу жана Стамбулдук процесстин алкагындагы 16/18 адам укуктары боюнча БУУнун Кенешинин резолюциясын эске салсак; (7) исламофобия европалыктардагы Чыгыш тууралсындагы билимдердин бурмаланган формасы жана алардагы Чыгыш цивилизация элдеринин багыттуулугун изилдөө, чыгыш маданият менен алектенүү катары; (8) исламофобия эпистемологиялык расизмдин формасы катары интеллектуалдык мейкиндикте калыптанып – Батыш дүйнөсүнүн интеллектуалдык-идеялык моделдеринин басымдуулугу баса белгиленет, бирок аталган алкак менен чектелбейт; (9) исламофобия улуттук же этникалык шайкештиктин формасы катары; (10) исламофобия иммигрантофобиянын формасы катары; (11) исламофобия мигрантофобиянын формасы катары; (12) исламофобия, бир жагынан, Европадагы расизмдин жаны формасы, экинчи жагынан – Чыгыш цивилизациясынын элдерине карата неорасизмдин формасы.

Исламдын ичинде эки багыттын тирешүүсү жүрүп жатат: бир тарап батыш коомчулугуна аралашып кетүүнү жакташса; экинчилери мусулмандарда Европадагы «бешинчи колонияны» көрүшүүдө б.а. исламга жеңиш алып келүүчү фактор катары эсептешет. 1990-ж. ортосунда мусулман интеллектуалдарынын жамааты (Т. Рамадан, А. Бидар, Б. Тиби ж.б. концепциялары) европадагы мусулмандардын көйгөйлөрүн чечүү жана Европанын социо-маданий мейкиндигине ыңгайлаштыруу максатында «европалык ислам» концепциясын иштеп чыгышкан. Маселен, Европадагы мусулмандардын жаңы мууну өздөрүнүн жаңы маданиятын түзүшөт, анда алар өздөрүн бир эле учурда мусулман жана европалык деп сезе алышат. Негизги тезис европалык мусулмандар өздөрүнүн кварталдарында чектелбеши керек. Европада төрөлгөн мусулмандар европалык билим алуусу керек жана европалык коомдук-саясий жашоого активдүү катышып, исламды таратууга көмөк көрсөтүүгө милдеттүү. Сөз Европанын шартына ислам фикх мыйзамдарын ыңгайлаштыруу жөнүндө, европалык коомчулукка оңой ыңгайлануу үчүн шарт түзүү максатында болуп жатат. Мындай айкындуулук маданияттардын аралашуусуна алып келүүсү талашсыз.

Ошентип, Жакынкы Чыгыштан келген мигранттарды европалык маданиятка эффективдүү ыңгайлаштырууда төмөндөгү методологиялык принциптерге таянуу керек: 1) мусулман-мигранттар менен европалыктардын ортосундагы бири бирин сыйлоо, өз ара ыңгайлануушу принциптерин колдоо; 2) мигранттарга тил үйрөтүү, европалык мамлекеттердин мыйзамдарын окутууга жана адистерди кайрадан даярдоого акча каражатын бөлүү; 3) мурунку СССРдин курамына кирген республикалардан келген мигранттар үчүн Россияда жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардай, батышта да мигранттарды маданий, билим берүү, өндүрүш, Европанын бийлик түзүмдөрү сыяктуу чөйрөлөргө тартуу; 4) мусулман-мигранттары чогулуп жашап жаткан аймактарга светик билим берүү борборлорун куруу: бала-бакчалар, мектептер, клубдар, жаш техник үйү, кинотеатрлар, салттуу жана электрондук китепканалар; 5) эмгек маяна-акылары жогору жумушчу орундарын түзүү; 6) европалыктардын өздөрү минималдуу болсо дагы Чыгыш, чыгыш маданияты, ислам, исламдын салттарынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат алуулары зарыл, ошондой эле өздөрүнүн жана четтен келген маданияттын айырмачылыктарын, окшоштуктарын түшүнүүлөрү керек; 7) мигранттарды элдердин ортосундагы мамилелердин тарыхын үйрөнүүгө тартуу, өткөн мезгилде жана учурда ал элдердин ортосунда кандай келишпестиктер болгон же болгон эместигин билүү; 8) маданий аралык алакаларды түзүүдө маданий келишпестиктерди жөнгө сала турган тажрыйбасы мол адамдардан жетекчи табууда жардам берүү; 9) мусулман-мигранттарды жана жергиликтүү калкты өз кучагына алган руханий-маданий чөйрөдө ыңгайлашуу жана аккультурациялык өңүттө социалдык иштерди жүргүзүү. Аталган иш-чараларды жүргүзүүдө ошол чөйрөнүн жана конкреттүү аудиториянын өзгөчөлүктөрүн эске алуу. Бул диний экстремизмге каршы турушу мүмкүн о.э. маданий билим берүү ишмердүүлүгү, эпостор же диндер аралык мамиле, жергиликтүү калк менен мигранттардын же алардын балдары, жаш муундар үчүн позитивдүү маанай жаратышы мүмкүн; 10) акырындык менен кыйрап бара жаткан бир полярдуу дүйнөнүн шарттарына ыңгайланышууга жөндөмсүз жана аны каалабаган Афганистан, Ирак, Иран, Ливия, Сирия сыяктуу мусулман өлкөлөрүнүн мигранттарын «зордоо» жолу менен ыңгайлаштырууга жол бербөө; 11) турак-жай медицина, билим берүү, жакырчылык, жумушсуздук ж.б. глобалдуу

көйгөйлөрдү дүйнөлүк коомчулуктун чечүүсү зарыл; 12) жогоруда айтылган көйгөйлөрдү, карама-каршылыктарды чечүү максатында жаңы типтеги цивилизациянын моделин түзүү.

***Литература***


1. *Вебер М.* Избранные произведения / М. Вебер. М.: Прогресс, 1990.
2. *Брусиловский Д.А.* Возможности ислама в контексте внутрирелигиозного, межрелигиозного и межкультурного диалога в современную эпоху / Д.А. Брусиловский // Общество: философия, история, культура. 2016. № 10. С. 16–22.
3. United Nations, Department of Economic and Social Affairs, Population Division, Trends in International Migrant Stock: The 2017 Revision (POP/DB/MIG/Stock/Rev.2017) [Electronic resource]. Mode of access: www.un.org. Screen title.
4. *Брусиловский Д.А.* Методологические проблемы сравнительного анализа цивилизаций / Д.А. Брусиловский // Общество: философия, история, культура. 2017. № 4. С. 39–43.
5. Департамент по экономическим и социальным вопросам ООН: Отдел народонаселения [Электронный ресурс]. Нью-Йорк, 2019. URL: http://www.un.org. Загл. с экрана.
6. *Брусиловский Д.А.* Философия Чингиза Айтматова как новая сущность межкультурного и межрелигиозного диалога в единоцельной социально-планетарной системе / Д.А. Брусиловский // Исторические, философские, политические и юридические науки, культурология и искусствоведение. Вопр. теории и практики. 2016. № 11 (73). С. 51–59.
7. Соотношение различных уровней организации взаимоадаптации цивилизаций в стратегии их выживания / К.А. Ажыбекова, О.А. Тогусаков, Д.А. Брусиловский, Н.С. Акматова, А.Н. Смутко // Социально-политические науки. 2019. № 1. С. 141–145.
8. *Брусиловский Д.А.* Специфика социальной обусловленности адаптации человека в условиях развития новых технологий / Д.А. Брусиловский // Вестник КРСУ. 2018. Т. 18. № 1. С. 123–127.
9. *Брусиловский Д.А.* Специфика воздействия «мягкой силы» России, Китая и США на Центральную Азию в условиях глобализации / Д.А. Брусиловский, И.И. Есипов // Вопр. политологии. 2019. Т. 9. № 8 (48). С. 1779–1798.
10. Диалог культур и взаимоадаптация цивилизаций в условиях мегасоциальной интеграции / К.А. Ажыбекова, О.А. Тогусаков, Д.А. Брусиловский, И.И. Есипов, Д.Ф. Клименок // Вестник КРСУ. Т. 18. № 1. С. 128–135.
11. *Брусиловский Д.А.* Два мира – две интеграции: специфика соприкосновения цивилизаций с исламофобией / Д.А. Брусиловский, И.И. Есипов // Вопр. политологии. 2019. Т. 9. № 6 (46). С. 1282–1294.
12. Межкультурные коммуникации в развитии современного мира / М.П. Бузский, Д.А. Брусиловский, Я.В. Мещерякова, О.В. Ангел // Инновационный потенциал молодежи: глобализация, политика, интеграция: сб. науч. ст. Междунар. науч.-исслед. конф. Екатеринбург, 2016. С. 3–15.
13. *Брусиловский Д.А.* Стратегия мира: глобальная интеграция между исламофобией и «столкновением цивилизаций» / Д.А. Брусиловский, И.И. Есипов // Вопр. национальных и федеративных отношений. 2019. Т. 9. № 6 (51). С. 889–900.
14. *Brusilovskiy D.* Two Worlds – Two Integration: the Specificity of the Contact of Civilizations, Islamophobia / D. Brusilovskiy, I. Esipov // Political Science Issues. 2019. Vol. 9. № 3. P. 261–271.
15. *Кувалдин В.* Глобальный мир. Политика. Экономика. Социальные отношения / В. Кувалдин. М.: Весь мир, 2017.
16. *Шариати А.* Народ и имамат / А. Шариати. Тегеран, 1976.
17. *Замани М.* Ислам и новая цивилизация / М. Замани. Иран: Кум, 1348–1970.
18. *Степин В.С.* Глобализация и диалог культур: проблема ценностей / В.С. Степин // Век глобализации. 2011. № 2.